**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин төрагасы,

доцент Р.Н.Арапбаев _______________

"______" _______________ 2025-жыл

**БЕКИТЕМИН**

Ош мамлекеттик университетинин ректору,

профессор К.Г.Кожобеков ______________

"______" _________________ 2025-жыл

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СТАНДАРТЫ

## АДИСТИК: 050704 Мектепке чейинки билим берүү

## Квалификациясы: Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячысы

Ош – 2025-жыл

## 050704 Мектепке чейинки билим берүү

жогорку/орто кесиптик билим берүү стандарты 2025-жылдын “_____”_______________ Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин “педагогика, дене тарбия жана спорттук билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин” №________ токтому менен талкууланган.

Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин 2025-жылдын "______" ________________ №_______токтому менен жактырылган.

2025-жылдын "______" ________________ Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №________токтому менен бекитүүгө сунушталган.

Ош мамлекеттик университетинин ректорунун 2025-жылдын "______" ________________ №_________ буйругу менен бекитилген.

Билим берүү стандартына төмөнкү чет элдик эксперттерден сын-пикир (бүтүм) алынган.

| | |
|---|---|
| Казиева Тургуной Турсунбаевна | Өзбекстан Республикасынын Андижан мамлекеттик педагогикалык институнун мектепке чейинки билим берүү факультетинин мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы кафедрасынын башчысы, п.и.д, профессор |
| Ахунов Умидбек Рузибаевич | Өзбекстан Республикасынын Андижан мамлекеттик педагогикалык институнун мектепке чейинки билим берүү факультетинин окутуучусу,п.и.д.профессор |
| Асилбекова Марзия Пазиловна | Казакстан Республикасынын Л.Н.Гумилёв атындагы Ёвразия улуттук университети, п.и.д.профессор, педагогика кафедрасынын башчысы |

| МАЗМУНУ | |
|---|---|
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 4 |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 5 |
| 3-БӨЛҮМ. Терминдер | 6 |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 7 |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жана эмгек сыйымдуулугу | 8 |
| 6-БӨЛҮМ. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар | 9 |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 11 |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар | 14 |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү програмасын ишке ашыруунун шарттарына талаптар | 18 |
| 10-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын базалык окуу планынын үлгүсү | 24 |
| 1-тиркеме. Базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү | 26 |
| 2-тиркеме. Базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу | 27 |
| 3-тиркеме. Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу | 28 |

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

050704 “Мектепке чейинки билим берүү” программасы боюнча орто кесиптик билим берүүнүн орто кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен өз алдынча иштелип чыгып, Ош мамлекеттик университетинин ректорунун буйругу менен бекитилген.

Ош МУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүүнүн стандарты (мындан ары – билим берүүнүн стандарты) мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңдештирилген болуп, орто кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана аларга билим берүүнүн биримдигин жана сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет жана ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү талаптарды белгилейт.

Ушул билим берүү стандарты негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттары жана натыйжаларына карата талаптар Мамлекеттик орто кесиптик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарынан төмөн эмес.

*Билим берүү стандартты төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:*

Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык-педагогикалык колледжинин “Педагогикалык жана психологиялык дисциплиналар” циклдык комиссиясы, “Филологиялык дисциплиналар циклдык комиссиясы” жана “Кесиптик дисциплиналар предметтик циклдык комиссияларынын” окутуучулар жамааты.

Ата мекендик орто кесиптик окуу жайларынын кызматкерлеринен: “Мурас” инновациялык колледжи, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогикалык колледжнинин “Мектепке чейинки педагогика жана жекече усулдар” кафедрасы, Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кесиптик колледжинин “Педагогикалык сабактар” бирикмесинин окутуучулары.

Чет өлкөлүк ЖОЖдордун кызматкерлеринен: Наманган мамлекеттик педагогикалык институтунун мектепке чейинки билим берүү кафедрасынын, Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунун мектепке чейинки билим берүү факультетинин, Нурсултан Назарбаев атындагы университетинин педагогика факультетинин окутуучулары.

Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн***:*** “Ак ниет Ош” мектепке чейинки билим берүү уюмунун, “Юниум” билим берүү комплексинин, “Ак каркыра” мектепке чейинки билим берүү уюмунун педагогдору, ИПКнын мектепке чейинки билим берүү адистигинин бүтүрүүчүлөрү;

Илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдүн мамлекеттик жана коомдук уюмдарынын өкүлдөрүнөн:

Ош шаардык мэриясынын алдындагы үй бүлөгө жана балдарга ар тараптан жардам берүү борборунун кызматкерлери.

Ушул Билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик орто окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2024-жылдын 5-февралындагы №45 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, 2024-жылдын 8-июлу № 371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын европалык системасына (же Европа системасы), квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга таянат, ОшМУнун

Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык келет.

Бул билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобосу менен жөнгөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС**- мамлекеттик билим берүү стандарты
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү
**ЖКББ -** жогорку кесиптик билим берүү
**ӨАИЧС** - өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты
**НКББП -** негизги кесиптик билим берүү программасы
**ОУБ -** окуу-усулдук бирикме
**ЖКК -** жалпы кесиптик компетенция
**КК** - кесиптик компетенциялар
**ЖК**-жалпы комптенциялар
**ДК** – кошумча компетенциялар
**ОН** - окутуунун натыйжалары
**СИЖМК -** социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар
**ЖОЖ -** жогорку окуу жай
**ОПК -** окутуучу-профессордук курамы
**МЧББ** - мектепке чейинки билим берүү
**ББП –** билим берүү программасы
**ОКБ** - орто кесиптик билим
**НББП -** негизги билим берүү программасы
**СЖОП** - студенттин жекече окуу планы
**ECTS** – Кредиттерди которуунун жана топтоонун европалык системасы
**СОКӨАИ –** студенттин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иши
**НКББП ДМ** - негизги билим берүү программасынын дисциплиналар мерчеми
**ИК** - инструменталдык компетенциялар
**ЖОЖ** - жогорку окуу жай

## 3-БӨЛҮМ. ТЕРМИНДЕР

Орто кесиптик билим берүүнүн аталган өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартында төмөндөгү термин жана аныктамалар колдонулат.

***-базалык окуу планы*** – багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезигилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;

***-билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялардын жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;

***-билим берүүнүн онлайн формасы*** - реалдуу убакыт режиминде маалымат технологияларынын жардамы менен аралыктан (узактан) билим берүү;

***-компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);

***-кредит*** - негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;

***-негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү, окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;

***-окутуунун жыйынтыгы*** - негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;

***-окутуунун кредиттик технологиясы*** – кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;

***-өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;

***-семестрдик окуу планы*** - белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);

***-студенттин жекече окуу планы*** (СЖОП) - студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;

***-тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;

***-тармактык билим берүү формасы*** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;

***-учурдагы ченемдик-ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик- ички жоболор;

***-soft skills (жумшак көндүмдөр) –*** эмоционалдык жана чыгармачылык интелект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу (самодисциплина), стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;

***- STEAM көндүмдөр –*** заманбап технология, техника, инженерия, маалыматтарды колдонуу жана башкаруу.

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1. Бул билим берүү стандартында орто кесиптик билим берүүнүн **050704 "Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга коюлган талаптардын жыйындысы көрсөтүлөт.
4.2. Бул билим берүү стандарты 050704 **"Мектепке чейинки билим берүү"** программасы боюнча адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен аталган адистик боюнча "**Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячысы**" квалификациясы ыйгарылат.
4.3. **050704 "Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоодо билим берүү технологияларын ишке ашыруу үчүн өз алдынча иштелип чыккан орто кесиптик билим берүү стандарты НКББПнын курмындагы базалык окуу пландарын, окуу дисциплиналардын, практикалардын жумушчу программаларын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программаларын иштеп чыгууда негиз болуп берет.
4.4. Билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:
**- 050704 "Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоодонун негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы, иш жүзүнө ашыруудагы жана окутуудагы уюштуруу-методикалык документтердин негизи болот. Ошондой эле орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык-экономикалык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо, жаңылоо жана жетишилген окутуунун натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү максатында билим берүү уюмунун окутуучу-профессордук курамы;
**-050704 "Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүдө окуу иш-аракеттерин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн билим берүү уюмунун студенттери;
-өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жооптуу болгон билим берүү уюмунун ректору жана проректорлору, окуу-усулдук бирикмелер (тармактык комитет), факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, ПЦК башчылары жана башкалар;
-бүтүрүүчүлөрүнүн окуу-жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;
-бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда адистигин (квалификациясын) аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;
-университетти анын ичинде орто кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;
-билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;
-билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;
- адистиктерди тандоо үчүн абитуриенттер.

## 5-БӨЛҮМ. 050704 “МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ” БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ

5.1.Абитуриенттердин билиминин деңгээлине карата талаптар. Абитуриент тапшырууда төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүккө;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;
- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;
- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (негизги же жалпы орто билими тууралуу документи болсо).

5.2.Ушул билим берүү стандартына ылайык билим берүү программасын ишке ашырууда окутуунун бул чөйрөсүнүн алкагында орто кесиптик били берүүдө төмөндөгү формада ээ болушу мүмкүн:

- күндүзгү;
- сырттан;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- онлайн (дистанттык технолгияларды колдонуу менен).

5.3.050704 “Мектепке чейинки билим берүү” адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жекече окуу планына, анын ичинде тездетилген окутуунун түрүнө карабастан 120 кредиттик бирдикти түзөт.

5.4.Күндүзгү окуу үчүн билим берүүнүн нормалдуу окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн базасында ОКБ мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда негизги жалпы билим берүү базасында – 1жыл 10 ай, 2 жыл 10 ай, Негизги жалпы билим берүүнүн базасында билим берүү программасын өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

5.5.Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан жана дистанттык окуу формаларында ишке ашырылуучу билим берүүнүн стандарттык мөөнөтү, колдонулган билим берүү технологияларына карабастан 5.3. пунктагы окуу мөөнөтү 6 айдан кем эмес мезгилге узартылат.

5.6.Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан жана дистанттык окуу формасында сабактардын көлөмү жумасына 16 саатан кем болбоого тийиш.

5.7.Студенттин жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу процессин уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.

5.8.Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт чегинде белгиленет.

5.9.Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. Орто кесиптик билим берүүнүн НББПнын күндүзгү окуу формасына жылдык эмгек сыйымуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

5.10.ОКББ НББПнын окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасы бир окуу жылында 45 кредиттен кем болбоого тийиш.

5.11.Билим берүү уюму тиешелүү профилдеги башталгыч кесиптик билимге, орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга мурдагы билимдерин жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Мурунку өздөштүргөн айрым дисциплиналарды жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу

менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачеттоонун) жыйынтыгы менен аныктайт.
5.12.Билим берүү программасы сырттан, күндүзгү-сырттан (кечки), онлайн жана дистанттык форма колдонулган учурда практикалардын түрлөрүнө карабастан жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо онлайн жана дистанттык формада өткөрүүгө (уюштурууга) жол берилбейт.
5.13.Орто кесиптик билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүү программасын ишке ашырууда (10 жана11-класстардын программасын) жалпы орто билим жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, колледжде окутулган жалпы орто билим жөнүндө баалар орто кесиптик билим берүү жөнүндөгү документке (дипломго) жазылат.

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА ТАЛАПТАР

6.1.Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы адистик боюнча билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын негизинде иштелип чыгат.
6.2.Орто кесиптик билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасынын **максаты**:

**-окутуу жаатындагы:** мектепке чейинки билим берүү адистерин баланы өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык негиздерин терең үйрөтөт, инновациялык окутуу ыкмаларын натыйжалуу колдонууга жана кесиптик компетенттүүлүккө даярдайт;

**-инсанды тарбиялоо жаатындагы:** мектепке чейинки билим берүү адистерин балдардын руханий-адептик, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүн колдоого жана багыттоого жөндөмдүү тарбиячы катары даярдайт.

6.3.Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
-бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
-билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
-иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
-педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;
-ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4.Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:
-социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
-инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
-билим берүү процессинин тарбиялык/окуудан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.
6.5.Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналарды (модулдардын) топтому жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары) өз алдынча аныктайт.
6.6.НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогу билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары) тарабынан аныкталат.
6.7.Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы, аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугун жана эмгек сыйымдуулугун “А”, “В” жана “С” топторуна бөлүштүрүү билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна жана ушул Макеттин тиркемелерине ылайык уюштурулат.
6.8.Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.
6.9.Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.
6.10.Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.
6.11.Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;
- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесибине тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;
- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;

- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;

- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 38 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн жумалык максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет;

- окутуунун күндүзгү формасында бакалаврды/адисти даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 35%нан кем эмес;

- окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүп, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

## 7-БӨЛҮМ. 050704 “МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ” БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

7.1.**050704 “Мектепке чейинки билим берүү”** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттарына** төмөнкүлөр кирет: Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүнө байланыштуу билимдер; мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана методикасы; баланын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, ойноо, көркөм жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн уюштуруу; инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу; ата-энелер менен кызматташуу; билим берүү уюмундагы административдик жана уюштуруучулук ишмердүүлүк; илимий-изилдөө иштери.

**7.2. 050704** “**Мектепке чейинки билим берүү”** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объектилери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**
- мектепке чейинки курактагы балдар;
-балдардын ата-энелери жана жакындары (үй-бүлөсү);
-мектепке чейинки билим берүү уюмдары (балдар бакчалары, борборлор);
-тарбиялоо жана окутуу процесси;
-мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсүнө байланыштуу программалар жана методикалар;
-билим берүү чөйрөсү (физикалык, психологиялык жана социалдык чөйрө);
- балдардын ден соолугун сактоо жана коргоого багытталган иштер.
-мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (МЧББУда) жана үй-бүлөдө эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдарды ар тараптан өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу процесстерин уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору, каражаттары жана формалары;
-мектепке чейинки билим берүү программасын ишке ашыруу максатында өз кесиптештери, мектеп жашына чейинки балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана социалдык өнөктөштөрү менен өз ара кызматташууну уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору, каражаттары жана формалары;
-мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы (МЧББУдагы) педагогикалык процессти методикалык (усулдук) камсыздоо.

**7.3. 050704 " Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча билим алган бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

-Тарбиялык - билим берүүчү ишмердүүлүгү;
-Социалдык – педагогикалык ишмердүүлүгү;
-Методикалык ишмердүүлүгү.

**7.4. 050704** "**Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча **"Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячысы"** квалификациясы ыйгарылган адис кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү **кесиптик милдеттерди чечүүгө даяр:**

***Тарбиялык - билим берүүчү ишмердүүлүк:***

-мектепке чейинки билим берүү уюмунда мектепке чейинки билим берүү программаларына жана укуктук-ченемдик документтерге ылайык бүтүндөй педагогикалык процессти ишке ашыруу;
-эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдардын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн шарты катары предметтик-өнүктүрүүчү педагогикалык чөйрөнү жана карым-катнаштын жагымдуу психологиялык атмосферасын түзүү;
-балдардын дене жана психологиялык ден соолугун сактоо үчүн сергек жашоо образын ден соолук маданиятын калыптандыруу;
-тарбиячынын ишмердүүлүгүнүн ден соолукту сактоочу функциясын аткаруу;
-балдардын тарбиялык жана билим берүү иш-чараларын уюштуруу, өз алдынча иш-аракеттерин өркүндөтүү боюнча коюлган максаттарга жетүүнү камсыз кылуу;
-балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу жана алардын ишмердүүлүгүнүн ар кыл түрлөрүн (оюн, окуу-таанып билүү, көркөм өнөр, дене тарбия, баарлашуу, тиричилик, эмгек) жетектөө;
-МЧББУдагы аныкталган күн тартибин жана балдардын тилин, ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган сабактарды уюштуруу;
-жеке жана топтук иш-аракеттер аркылуу балдардын өз ара аракеттенүүсүн жана сүйлөшүү жөндөмдөрүн өстүрүү;
-баланы иликтөөнүн, анын билиминин жана тарбиялуулугунун деңгээлин талдоонун негизинде, эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдар менен иштөөдө инсанга багытталган мамилени ишке ашыруу;

***Социалдык – педагогикалык ишмердүүлүк:***

-балдардын социалдык өнүгүүсүн колдоо;
-балдар менен социалдык жана коммуникативдик көндүмдөрдү жакшыртуу үчүн оюндар жана чыгармачылык иш-чараларды киргизүү;
-эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү үчүн ар түрдүү диалогдорду жана топтук иш-чараларды өткөрүү;
- балдардын чыгармачылыгын жана интуитивдүү ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
-балдарды эрте жаштан эле ден соолукка кам көрүү, гигиеналык эрежелерге ылайык жашоо мүнөзүн кабыл алууга үйрөтүү;
-балдардын сергек жашоо стилин кабыл алуу үчүн, негизги гигиеналык жана тамак-ашка байланыштуу эрежелерди үйрөтүү;
-тазалыкка жана дене гигиенасына арналган иш-чаралар аркылуу балдардын ден соолугун сактоо;

-балдарды эмгекке, балдардын кичинекей иштерин аткарууга жана аларга жоопкерчилик жүктөөгө үйрөтүү (оюндар аркылуу);
-балдарга коомдук иш-аракеттерге катышууга мүмкүнчүлүк берүү жана аларды топтук иш-чараларга тартуу;
-балдардын эмоциялык дүйнөсүн түшүнүү жана аны башкаруу жөндөмдөрүн калыптандыруу;
-балдар арасында достук мамилелерди түзүү жана алардын бири-бирине карата түшүнүү жөндөмдөрүн өстүрүү;
-балдардын тарбиясына ата-энелерди жана жакындарын катыштыруу, аларды педагогикалык иш-аракеттерге тартуу;
-ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүү жана аларды балдардын өнүгүүсүнө катыштырууну камсыз кылуу;
-ата-энелер менен биргелешип балдардын тарбиясына жана өнүгүүсүнө таасир берүүчү иш-чараларды уюштуруу;
-ата-энелер үчүн тарбия, билим берүү жана социализация маселелери боюнча семинарлар жана тренингдер өткөрүү;

***Методикалык ишмердүүлүк:***

-мектепке чейинки билим берүүдө окуу-методикалык адабияттарды изилдөөнүн негизинде тарбия-билим берүү иштерди пландаштыруу жана инновациялык, заманбап ыкмаларды колдонуу;
-балдардын жалпы психологиялык, когнитивдик, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсүнө багытталган окуу программаларын түзүү;
-балдардын акыл-эс жана логикалык ой жүгүртүүсүн жакшыртуу үчүн ар түрдүү интерактивдүү иш-чараларды уюштуруу;
-балдарга чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн атайын иш-чараларды уюштуруу;
-балдардын фантазиясын өнүктүрүүгө багытталган оюндарды өткөрүү, аларды жеке чыгармаларды жаратууга шыктандыруу;
-курчап турган дүйнө жөнүндө маалыматты мектеп жашына чейинки балдар үчүн жеткиликтүү формага айлантуу;
-жетишилген натыйжаларды талдоонун негизинде мектеп жашына чейинки балдардын инсанын өнүктүрүүнү жана балдарга тарбия- билим берүү ишмердүүлүгүн долбоорлоо;
-мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоонун жана окутуунун ар түркүн усулдарын жана каражаттарын, жаңы педагогикалык технологияларды педагогикалык ишмердүүлүктө колдонуу, окутуунун техникалык каражаттарын жана компьютердик техниканы колдонуу;
-өздүк кесиптик квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу, өздүк билимдерин тереңдетүү жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, өз алдынча билим алуну жана өзүн өзү тарбиялоону жүргүзүү;

## 8-БӨЛҮМ. 050704 “МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ” БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

**8.1.** Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө төмөнкү **жалпы компетенциялар (ЖК)** калыптанышы керек.

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | **ЖК-1:** Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт; өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт; изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | **ОН-1:** Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар** | **ЖК-2:** Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекеттүүлүктүн философиясын, жарандык иденттүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | **ОН-2:** Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | **ЖК-3:** Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат; Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | **ОН-3:** Идеяларды жаратууга жана сынчыл ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессионалдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкердик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, психологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |
| **STEM көндүмдөр** | **ЖК-4:** Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат. | **ОН-4:** Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын |

| | | |
|---|---|---|
| | | тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

**8.2. 050704 "Мектепке чейинки билим берүү" программасынын бүтүрүүчүсү төмөндөгү жалпы кесиптик компетенцияларга (ЖКК) ээ болуусу керек:**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| ЖКК1 | Өз кесибинин коомдогу ордун, анын маани-маңызын, укугун жана милдеттерин, ишмердүүлүгүнүн багыттарын аныктай билет. |
| ЖКК-2 | Өз алдынча кесиптик билимин өркүндөтүүнүн багыттарын аныктоо менен өз билимин өркүндөтүүнү пландаштыра алат. |
| ЖКК-3 | Мамлекеттик жана расмий тилдерде өз оюн ишенимдүү, далилдүү, туура, так айтып жана жаза билүүгө, чет тилдеринин биринде чөйрөдөгүлөр менен баарлашууга, кесиптик иш кагаздарын жүргүзүүгө жөндөмдүү. |
| ЖКК-4 | Балдардын ар кандай ишмердигин максаттуу уюштуруу, шыктандыруу, көзөмөлдөө аркылуу сапаттуу билим берүүгө жөндөмдүү. |
| ЖКК-5 | Мектепке чейинки билим берүү боюнча заманбап инновациялык-педагогикалык технологияларды окуп үйрөнүүгө жана үзгүлтүксүз кесиптик билимин өркүндөтүүгө кызыкдар. |
| ЖКК-6 | Окуу-тарбия процессин (сабак, оюн, эрте мененки гимнастика, сейилдөө ж.б.) пландаштыруу, уюштуруу жана алардын натыйжалуулугу менен сапатын баалоого жөндөмдүү. |
| ЖКК-7 | Коомдогу ар кандай өзгөрүүлөргө даяр жана күтүүсүз кырдаалдарда өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү. |
| ЖКК-8 | Кесиптик милдеттерди ишке ашыруу үчүн жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүгө керектүү маалыматтарды издейт, талдайт, баалайт, колдонот. |
| ЖКК-9 | Балдарды санариптик медиа тексттерди, табигый, математикалык, инженердик, гуманитардык илимдер боюнча маалыматтарды изилдөө аркылуу жаны ачылыштарды табууга үйрөтүүгө жөндөмдүү. |
| ЖКК-10 | Кесиптик ишмердикте маалыматтык -коммуникациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү. |
| ЖКК-11 | Кесиптик ишмердиктүүлүктө кесиптештер жана социалдык өнөктөштөр (коомчулук, демөөчүлөр) менен өз ара мамиле түзүүгө жана кызматташууга жөндөмдүү. |
| ЖКК-12 | Ата-энелер менен биргеликте балдардын өнүгүү областтары боюнча календардык/айлык/жылдык иш пландарды иштеп чыгууга, иш чараларды уюштурууга жана жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүүгө жөндөмдүү. |
| ЖКК-13 | Кесиптик ишмердүүлүгүндө укуктук-нормативдик |

| | |
|---|---|
| | ченемдерге ылайык иш алып барат. |
| **ЖКК-14** | Сергек жашоо, балдардын өмүрүн коргоо, ден соолугун бекемдөө, алардын арасындагы жаракаттануулардын алдын алуу, санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча иш чараларды пландаштырууга жана көзөмөлдөөгөжөндөмдүү. |
| **ЖКК-15** | Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык экология, жаратылышты коргоо жана анын байлыктарына карата аяр мамилени калыптандырууга жөндөмдүү. |

**8.3. 050704 "Мектепке чейинки билим берүү"** адистиги боюнча **"Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячысы"** квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө шайкеш келген төмөндөгүдөй **кесиптик компетенцияларга (КК)** ээ болушу керек:

**Тарбиялык - билим берүү** чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК 1** | Балдардын кыймыл активдүүлүгүн камсыздоочу оюндар, көнүгүүлөр, тематикалык жана майрамдык көнүл ачууларды уюштурат. |
| **КК 2** | Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк (сейилдөө, экскурсия, туризм, оюндар) аркылуу балдардын кеп маданиятын өстүрүүгө, жаратылышты сүйүүгө, коомдук жүрүм-турум эрежелерине үйрөтүүгө жөндөмдүү. |
| **КК-3** | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык күн режимин максаттуу уюштура алат. |
| **КК-4** | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык түрдүү ишмердиктерин (оюн, окуу, эмгек, өзүн-өзү тейлөө, эс алуу ж.б.) пландаштырууну жана уюштурууну билет. |
| **КК 5** | Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында сабактарды программаларга ылайык индивидуализация, дифференциация, интеграция, принциптеринин негизинде пландаштырат жана өтөт. |

**Социалдык – педагогикалык** чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК 6** | Балдардын өмүрүн коргоо, ден соолугун бекемдөө, денесин чыңдоого жана психикалык, социалдык, эмоционалдык саламаттыгына багытталган иш чараларды пландаштырат. |
| **КК 7** | Балдардын социалдык-коммуникативдик көндүмдөрүн (өзүн-өзү таануу, баалоо, баарлашуу, мамилелешүү) калыптандыруу боюнча ата-энелер менен иштейт жана кеп-кеңештерди берет. |

| | |
|---|---|
| **КК 8** | Окутуу процессине педагогикалык көзөмөл жүргүзөт, анын натыйжасын анализдейт жана жаны мерчемдерди аныктайт. |
| **КК 9** | Балдардын ден соолугуна байкоо жүргүзүү, ал-абалы жөнүндө тиешелүү иш кагаздарды жүргүзөт, медайым менен иш алып барат. |
| **КК 10** | Балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык ар кандай максаттуу карым-катнашка керектүү шарттарды жана кырдаалдарды түзө алат. |
| **КК 11** | Түрдүү курактагы балдар үчүн жемиштүү ишмердиктин түрлөрүн (сүрөт, ийлеп чаптоо, аппликация, куруу) уюштура алат |
| **КК 12** | Мектепке чейинки билим берүү программалары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү, долбоорлорду түзүү, педагогикалык тажрыйбаны жыйынтыгын чыгаруу жана методикалык сунуштарды берүү, мектепке чейинки билим берүү стандартын өркүндөтүү. |

**Методикалык** чөйрөдөгү кесиптик ишмердик

| **Компетенциялардын номери** | **Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну** |
|---|---|
| **КК 13** | Сабактын максатын жана күтүлүүчү натыйжаларын аныктоого, керектүү ресурстарды жана окутуунун ыкмаларын тандай билүүгө жөндөмдүү. |
| **КК 14** | Балдардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн коопсуз жана ыңгайлуу өнүктүрүүчү чөйрөлөрүн түзөт, сабактарды, оюндарды, майрамдык жана тематикалык иш-чараларды уюштурат. |
| **КК 15** | Окутуу-тарбиялоо процессин пландаштырат; баланын психологиялык жана физиологиялык жактан өнүгүүсүн эске алуу менен окутуунун жол картасын түзөт; балдардын өнүгүү областтары (физиологиялык, социалдык-эмоционалдык, когнитивдик, эстетикалык-чыгармачылык, коммуникативдик-сабаттуулук) боюнча мониторинг жүргүзөт. |
| **КК 16** | Группаларда өнүктүрүү чөйрөлөрүн түзүү: өзгөчө муктаждыгы бар жана дене мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды эске алуу менен активдүүлүк борборлорун уюштуруу, көрсөтмө куралдарды даярдоо, сабактарды уюштурат |
| **КК 17** | Көп тилдүү билим берүүнүн принциптерин билет жана предмет менен тилди интеграциялап окутуунун технологияларын колдоно алат. |

## 9-БӨЛҮМ. 050704 “МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ” БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАМАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ТАЛАПТАР

### 9.1. Билим берүү программасын ишке ашырууда кадрларга талаптар

**9.1.1.Окуу жараянын кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары:**

-билим берүү программасын даярдоонун НКББПсын ишке ашыруу, базалык билими жана/же академиялык даражасы "магистратурадан", “специалитеттен” төмөн эмес болуп, окутуп жаткан дисциплинасы багытына туура келген жана системалуу түрдө окуу (илимий)-методикалык ишмердүүлүк менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек;

-билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 75 **%** дан кем болбошу керек.

**9.1.2. Окуу жараянын кадрлар менен камсыздоонун билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптары:**

-билим берүү программасын ишке ашырган окутуучулардын 20% дан кем эмес бөлүгү өндүрүштөн же тиешелүү бизнес секторлордон болушу шарт;

-билим берүү программасын ишке ашырууда чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалуу окутуучулардан (онлайн же офлайн окуу формасын колдонуу менен) окуу жыл ичинде кеминде 4-5 жолу конок лекцияларга тартуу.

-кесиптик дисциплиналарды педагогикалык эмгек стажы 10 жылдан кем эмес окутуучулар) гана өтө алат;
-окутуучулар педагогикалык квалификацияны 5 жылда 1 жолудан ал эми адистик квалификацияны 3 жылда 1 жолудан кем эмес жогорулатып турушу керек.

**9.2. Окуу жараянынын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар**
**9.2.1. Адабияттар фондуна талаптар:**

Адистикти даярдоодо адабияттар фонду кыргыз/орус/англис тилдеринде төмөнкү багыттар боюнча камсыздалышы зарыл.

Окуу-тарбия процессин уюштурууда окуу планына жана программасына ылайык жетиштүү сандагы негизги жана кошумча адабияттар менен камсыз болуу зарыл. Адабияттар китепканада, окуу залында же электрондук база аркылуу жеткиликтүү болуп, студенттердин өз алдынча иштөөсүнө ылайыкталган усулдук колдонмолор, мультимедиялык жана санариптик ресурстар менен камсыздалышы керек. Ошондой эле акыркы беш жылда чыккан кеминде 1-2 негизги жана кошумча адабият болушу шарт жана алар мамлекеттик же расмий тилде сунушталат.

Түрдүү курактагы балдардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган практикалык-методикалык колдонмолор, социалдык өнөктөштүктү уюштурууга арналган материалдар жана кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруучу илимий-методикалык адабияттар менен камсыздалышы керек. Ошондой эле инклюзивдик билим берүү боюнча материалдар, өзгөчө муктаждыгы бар балдар жөнүндө көркөм жана документалдык фильмдердин, мультфильмдердин картотекалары жеткиликтүү болуусу шарт.

Мектепке чейинки билим берүү тармагында балдардын өнүгүү багыттарына ылайык методикалык жана окуу-методикалык адабияттар менен камсыздоо зарыл. Дене тарбия, көркөм өнөр, экологиялык тарбия, музыка, сабат ачуу жана башкалар боюнча колдонмолор, ошондой эле практикалык материалдар — жыйнактар, сүрөттөр, сценарийлер, оюндар, сабак иштелмелери фонддо болушу керек. Бардык адабияттар мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары менен шайкеш келиши шарт.

Орто кесиптик билимди даярдоонун НББПсы бардык окуу курстары, негизги билим берүү программасынын дисциплиналары боюнча окуу куралдары, окуу-усулдук документациялар,материалдар менен камсыз кылынуусу керек. Билим берүү уюмуна, билим берүү багытына тиешелүү ченемдик-укуктук актылар, билим берүү уюмунун локалдык актылары, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалар менен камсыздоого тийиш.

Билим алуучулардын билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана электрондук адабият менен камсыз болушу зарыл;

Математика жана табигый илимдер үчүн акыркы 10 жыл ичиндеги жана гуманитардык-социалдык, экономикалык циклдеги дисциплиналар үчүн акыркы 5 жыл ичинде басмадан чыккан окуу китептери менен камсыздалууга тийиш.

Ар бир дисциплина үчүн милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын тизмеги (1 бир студентке 0,5 экземплярдан кем эмес өлчөмдө) билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

Лабораториялык, практикалык иштер үчүн усулдук каражаттар менен камсыздоо 1:1 болушу зарыл.

Кошумча окуу китептери, сурап билүү-библиографиялык жана адистешкен мезгилдик басылмалардын 5 экземпляры 100 студентке туура келүүсү керек.

**9.2.2. Электрондук окуулуктарга талаптар:**

-электрондук китепкана системасы интернетке туташкан каалаган жерден ар бир студентке жекече кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоого тийиш;

-электрондук окуу куралдары мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлүшү зарыл;

-окуу материалдары илимий жактан негизделген, актуалдуу жана методикалык талаптарга ылайык болушу зарыл;

-электрондук окуулуктар башка билим берүү платформалары же системалары менен оңой интеграциялануучу болушу керек;

-материалдар сапаттуу даярдалып, негизинен кыргыз тилинде берилүүгө тийиш. Зарыл учурларда башка тилдерде да колдонууга мүмкүн болушу керек;

-мектепке чейинки билим берүү багытына ылайык материалдар студенттердин кызыгуусун ойготуп, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталышы керек;

-функционалдык сабаттуулукту калыптандырууга багытталган методикалык жыйнактар болушу шарт;

-билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарын ишке ашырууга ылайыкталган, сунушталган жана апробацияланган методикалык колдонмолор камтылышы керек;

-колдонуучулар менен өз ара аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк берген интерактивдүү элементтер (тесттер, оюндар, видеолор, анимациялар ж.б.) камтылышы зарыл.

9.2.3. **Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) электрондук формаларынын билим берүү уюмунун тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:**

Бардык окуу дисциплиналары боюнча окуу-методикалык материалдар (комплекстер) билим алуучуларга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу менен билим берүү уюмунун санариптик платформаларында жайгаштырылышы керек.

Окуу-методикалык материалдар (комплекстер) төмөнкү компоненттерди камтууга тийиш:

- окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары (сииллабустары);
- теориялык материалдар (лекциялар), практикалык (семинар) жана лабораториялык сабактардын иштелмелери, контролдук жана сынактык экзамендердин материалдары, аудио, видео материалдар жана мультимедиялык ресурстар;
- баалоо жана текшерүү каражаттары, баалоонун критерийлери;
- лабораториялык жана практикалык иштерди аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр;
- окуу китептерине, окуу куралдарына жана кошумча булактарга шилтемелер;
- рефераттарды, курстук иштерди жана дипломдук долбоорлорду аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү.

**9.2.4.Сырттан жана онлайн (дистанттык технологияларды колдонуу менен) окутуунун окуу-усулдук материалдарына (комплексине) жана аларды билим берүү уюмдарынын тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар**

Билим берүү уюму белгилүү (өзгөчө) шарттарда жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү билим алуучулар үчүн онлайн (реалдуу режимде) окутууну уюштурууга тийиш. Окутуунун онлайн формасын колдонууда билим алуучуларга окуу-методикалык материалдар (комплекстер) бардык учурларда жеткиликтүү болууга тийиш.

Билим берүү уюму билим алуучулардын пикирлерин билдирүүгө мүмкүндүк берген санариптик платформаны камсыз кылууга тийиш.

Онлайн окутууда окуу-методикалык материалдар (комплекстер) төмөнкү компоненттерди камтууга тийиш:

- санариптик платформаларды ишке ашыруу;
- окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары (сииллабустары);
- теориялык материалдар (лекциялар), практикалык (семинар) жана лабораториялык сабактардын материалдары, аудио, видео материалдар жана мультимедиялык ресурстар;
- баалоо жана текшерүү каражаттары, баалоонун критерийлери;
- лабораториялык жана практикалык иштерди аткаруу боюнча көрсөтмөлөрдү;
- окуу китептерине, окуу куралдарына жана кошумча булактарга шилтемелер;
- рефераттарды, курстук жана дипломдук иштерди толтуруу боюнча көрсөтмөлөрдү;
- контролдук - тест комплекттери.

**9.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар**
**9.3.1. Атайын кабинеттер (лабораториялык, лингофондук, компьютердик, виртуалдык, мультимедиалык ж.б.)**

Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген билим берүү уюмунун окуу планында каралган, билим алуучулардын лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун бардык түрлөрүн, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек.

Билим берүү уюму билим берүү программасын жүзөгө ашырууга мүмкүндүк бере турган теориялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды өтүү үчүн инвентарлар, окутууда сарпталуучу материалдар менен жабдылган окуу кабинеттери, компьютердик класстар, окуу-өндүрүштүк комплекстер, китепкана, жыйындар залы, спорттук залы, ашкана, медпункт менен камсыз кылуусу керек.

Кесиптик циклге тиешелүү мектепке чейинки педагогика, балдар психологиясы, педагогикалык чеберчиликтин негиздери, атайын психология жана коррекциялык педагогика, педиатрия жана балдарды мектепке даярдоо дисциплиналары үчүн атайын кааналар болууга тийиш.

Эки сменалык сабактарды эсепке алуу менен бир окуучуга пайдалуу аянт 7 чарчы метрден кем эмес болушу керек.

Жалпы билим берүү жана кесиптик циклдер үчүн атайын жабдылган кабинеттер – тилдик, лабораториялык, лингофондук, компьютердик, мультимедиалык жана виртуалдык – заманбап техника, программалар жана дидактикалык ресурстар менен камсыздалып, теория менен практиканы айкалыштырууга шарт түзүшү керек. Ар бир кабинет студенттердин жеке жана топтук ишине ыңгайлашып, интерактивдүү, жеткиликтүү, ишенимдүү жана эффективдүү билим берүү чөйрөсүн камсыздашы зарыл. Жабдуулардын сапаты жана жеткиликтүүлүгү окуу процесстин натыйжалуулугун түз аныктайт.

**9.3.2. Өндүрүштүк базада окутуунун шарттары (өндүрүштө окутуу**

Билим берүү уюму өндүрүштө окутуу (дуалдык) боюнча программаларды иштеп чыгууга милдетүү. Кесиптик циклдин дисциплиналарынын практикалык, лабораториялык, семинардык сабактары тиешелүү учурларда өндүрүштө окутуулусу шарт.

НКББПнын тиешелүү кесиптик дисциплиналары боюнча билим берүүчү уюмда өткөрүлүүчү өндүрүштө окутууну камтыган программаларын иштеп чыгуунун негизинде жумуш ордунда окутуу программасын түзүп, бекитип, программага ылайык иш алып барылуусу шарт. Кесиптик дисциплиналардан окуу жыл же семестр ичинде 2-3 жолу мектепке чейинки билим берүү уюмдарында сабактарды уюштурууга милдеттүү.

Өндүрүштүк базада окутуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын негизинде, чыныгы шарттарда окутуучулардын жана тажрыйбалуу адистердин жетекчилиги алдында өтүп, студенттердин теориялык билимдерин практикага колдонууга жана кесиптик көндүмдөрүн калыптандырууга багытталуусу керек. Практика өтүүчү базалар тийиштүү жабдуулар менен камсыздалып, коопсуздук, санитардык-гигиеналык талаптар жана педагогикалык этика сакталышы шарт. Жыйынтыгында студенттердин иши белгиленген критерийлер боюнча бааланып, жетишкендиктери анализден өткөрүлүүсү абзел.

**9.4. Билимдердин сапатын баалоого талаптар**

**9.4.1. Текшерүүнүн түрлөрү:**

-учурдук көзмөлдөө;

-аралык көзөмөлдөө;

-жыйынтык көзөмөлдөө;

Билим алуучуларды учурдагы аттестациялоо билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык/окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген) баалоо системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, аралык, семестрдеги аттестациялоо жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтууга тийиш.

Билим алуучуларды аралык текшерүү семестр ичинде жүргүзүлөт жана аралык текшерүүнүн саны билим берүү уюмунун ички-ченемдик актыларына ылайык жүргүзүлөт. Бардык дисциплиналар боюнча семестрдеги аттестациялоонун жыйынтыктары менен баа коюлууга тийиш.

9.4.2**. Баалоо каражаттар фонду жана баалоонун критерийлери**:

Билим алуучулардын жеке жетишкендиктеринин билим берүү программасынын этаптуу же акыркы талаптарына ылайык келүүсүнө учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү практикалык тапшырмаларды камтыган баалоо каражаттарынын базалары жана критерийлери иштелип чыгууга тийиш.

Ар бир дисциплина үчүн текшерүүнүн түрлөрүнө ылайык, баалоо каражаттары жана баалоонун критерийлери окуу процесси башталганга чейин иштелип чыгат жана билим алуучуларга жеткиликтүү болууга тийиш.

Билим алуучуларды учурдагы аттестациялоо билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген) баалоо системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, аралык, семестрдеги аттестациялоо жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтууга тийиш.

Билим алуучуларды аралык текшерүү семестр ичинде жүргүзүлөт жана аралык текшерүүнүн саны билим берүү уюмунун ички-ченемдик актыларына ылайык жүргүзүлөт. Бардык дисциплиналар боюнча семестрдеги аттестациялоонун жыйынтыктары менен баа коюлууга тийиш. Билим берүү программасынын максаттарына жана компетенцияларга жетишүүнү аныктоо үчүн төмөнкү текшерүү түрлөрү колдонулушу керек. Билим алуу процесси башталаар алдында студенттердин баштапкы даярдык деңгээлин жана мурун алган билимин аныктоо максатын көздөйт. Окуу модулдарына ылайык алгылыктуу методдор жана инструменттер менен жүргүзүлөт (тест, анкета, маек ж.б.).

Ар бир тема, модуль же тема блогу аяктагандан кийин жүргүзүлүп, билим алуучунун билим деңгээли, көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээли жана ой жүгүртүү жөндөмдөрү бааланат. Бул үчүн тесттер, жазуу иштери, презентациялар, проектилик иштер, практикалык тапшырмалар колдонулат. Семестр, модуль же билим берүү деңгээли аяктагандан кийин алынат. Ишке ашырылган билим, көндүм жана компетенциялардын жалпыланган деңгээли бааланат.Жыйынтыктоочу текшерүүгө курстук иштер, жазуу же оозеки экзамендер, мамлекеттик аттестация, долбоорлор, портфолиолор кирет. Окуу процессинде ар бир сабакта окутуучунун байкоосу, суроо-жооп, көндүмдөрдү көрсөтүү аркылуу жүргүзүлөт. Билим алуучунун активдүүлүгү, тапшырманы өз алдынча аткаруу жөндөмү, чыгармачылык мамилеси эске алынат.Студенттердин өз билим деңгээлин жана курсташтарынын ишин талдап, анализдөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү максатында колдонулат.Бардык текшерүү түрлөрү объективдүүлүк, ачыктык, негиздүүлүк, билим берүү максаттарына ылайыктуулук принциптерине ылайык уюштурулушузарыл.

Баалоонун жыйынтыктары студенттин индивидуалдык жетишкендиктерин жана калыптанган компетенцияларын толук чагылдырууга багытталууга тийиш.

**9.5. Практиканы уюштурууга коюлган талаптар**

9.5.1. **Практика жөнүндө жалпы жоболор**

Билим берүү программаларын окутууда билим алуучуулар үчүн өткөрүлүүчү практикалар, адисти даярдоодогу кесиптик компетенцияларды калыптандыруучу окуу процессинин формасы катары каралат. Ар бир билим алуучу билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн практиканын түрлөрүн өтүүгө (аткарууга) милдетүү.

Билим берүү уюму өндүрүштүк практиканы кесиптик билим берүүнүн багытына жана адистигине жараша өндүрүштүк мекеме уюмдарда өткөрүлүүсүн камсыздоого тийиш.

9.5.2. **Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасына даярдоодо практиканын төмөнкү түрлөрү өткөрүлөт:**

- Адаптациялык-педагогикалык практика;
- Педагогикалык практика;
- Квалификация алдындагы мамлекеттик практика.

9.5.3. **Практиканын турлөрүнө талаптар.**

**Адаптациялык-педагогикалык практика:** Билим алуучулар теориялык билимдерди бекемдөөгө, кесиптик компетенцияларды калыптандырууга, педагогикалык процессти байкоого, класстан тышкаркы иштерге катышууга, командада өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандыруусу шарт. Практика мектепке чейинки билим берүү уюмдарында өтүлүп, 2 жумадан кем болбоосу шарт.

**Педагогикалык практика:** Билим алуучулар өз адистиги боюнча негизги көндүмдөрдү өздөштүрүп, мектепке чейинки билим берүү сабактарын өткөрүү, иш-чараларды уюштуруу жана башка жалпы педагогикалык ишмердүүлүгүн өнүктүрүшөт. Практика 5 жумадан кем эмес болуп, милдеттүү түрдө мектепке чейинки билим берүү уюмдарында өтүлүүгө тийиш.

**Квалификация алдындагы мамлекеттик практика**: Билим алуучулар өздөрүнүн кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн конкреттүү мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө, адистештирилген иштерге катышууга милдетүү. Практика 5 жумадан кем эмес болууга тийиш. Практика менчигинин түрүнө карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарында өтүлүүгө тийиш.

Практиканын түрлөрү боюнча бекитилген программалар жана күндөлүктөрдүн болушу, практиканын максаты жана мазмуну билим берүү программасына шайкеш келиши керек.

**9.6. Жыйынтыктоочу аттестация**

9.6.1.Комплекстик жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка талаптар жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер:

Билим алуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо толук окуу курсун аяктагандан кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Мамлекеттик аттестациялык сынактардын түрлөрү жана аны уюштуруу тартиби бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жүргүзүүнү жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана билим берүү уюмунун ченемдик-укуктук актыларына ылайык билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында каралган окутуунун толук курсун аяктаган бүтүрүүчүгө уруксат берилет.

Мектепке чейинки билим берүү боюнча комплекстик жыйынтыктоочу сынак болот.

Мамлекеттик сынак билим берүү программасынын негизги компетенцияларын камтууга тийиш. Оозеки суроолор, практикалык тапшырмалардан турган комплекстик

баалоо жүргүзүлөт. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгын, мектепке чейинки билим берүү тармагында иштөө жөндөмдүүлүгүн аныктоого багытталат.Эмгек сыйымдуулугу (кредиттердин саны) теориялык жана практикалык билимдердин катышын эске алуу менен аныкталат.

## 10 – БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БАЗАЛЫК ОКУУ ПЛАНЫНЫН ҮЛГҮСҮ

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Саattардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | | 4-окуу жылы | | ... |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **“А”** | **"В"** | **"С"** | **Баары** | **Ауд.** | **СӨИ** | 1-сем | 2-сем | 3-сем | 4-сем | 5-сем | 6-сем | 7-сем | 8-сем | |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (24 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Практикалар | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | **120 кредиттен кем эмес** | | | | | | | | | | | | | | |

*Эскертүү: Базалык окуу планы жогорудагы үлгүгө ылайык 1-3-тиркемелерди колдонуу менен иштелип чыгат.*

Окуу планынын биринчи блогу 3 циклден турат, алар: жалпы билим берүү цикли, жалпы кесиптик билим берүү цикли жана кесиптик билим берүү цикли.

Жалпы билим берүү цикли “Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр”, “Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар”, “Soft skills көндүмдөр (жумшак көндүмдөр)”, “STEM көндүмдөр” аталышындагы багыттарга (дисциплиналардын каталогу) бөлүнгөн. Ар бир багытка 3төн кем эмес дисциплина сунушталат жана дисциплиналардын каталогун билим берүү уюму аныктайт. Билим алуучулар багыттарга сунушталган дисциплиналарды өз алдынча тандай алат.

Базалык окуу планынын бардык циклдеги окуу дисциплиналары милдеттүүлүк даражасы жана мазмунун өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча «А», «В», «С» топторуна бөлүнөт:

«А» – дисциплиналардын ырааттуулугу сакталган, базалык окуу планда көрсөтүлгөн семестрде жана окууга милдеттүү болгон дисциплиналар.

«В» – дисциплиналардын ырааттуулугу мааниге ээ эмес, милдеттүү окууга тийиш. Билим алуучулар бул топтогу дисциплиналарды көрсөтүлгөн окуу жылдарга өз алдынча каалаган семестрлерде пландаштырып окуйт.

«С» – тобундагы дисциплиналарды каталогдон студент өз каалоосу менен тандай алат. Бул топтогу дисциплиналардын семестрлери окуу планында так көрсөтүлүүгө тийиш. «С» тобуна дисциплиналардын каталогу сунушталат жана билим алуучулар ар бир каталогдон бир дисциплинаны гана тандай алат. Бир каталогдогу дисциплиналар тектеш болууга тийиш.

«С» тобу билим алуучулар базалык окуу планынын «А» тобундагы дисциплиналарды тереңдетүүгө, эмгек рыногунун талаптарын жана илимдин-техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берет.

«С» – тобундагы дисциплиналар эмгек рыногунун талаптарын жана илимдин-техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен ар бир окуу жылында жаңыланып туруусу мүмкүн.

**1-тиркеме**

**Орто кесиптик билим берүү боюнча базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү**

| **Билим берүү программасынын структурасы** | | | **Билим берүү программасынын блокторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **«A»** | **«B»** | **«C»** |
| 1-блок | Дисциплиналар | | 94-101 кр. | | |
| | Циклдер | Жалпы билим берүү циклы | | 12кр | |
| | | **Кесиптик цикл** | 82-91 кр. | | |
| | | Жалпы кесиптик билим берүү циклы | | 15%-25% | 6%-10% |
| | | Кесиптик билим берүү циклы | 40%-50% | 30%-35% | 20%-25% |
| | Дене тарбия | | 72-120 саат | | |
| 2- блок | Практика | | 15-20 кр. | | |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | | 2-6 | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | 120 кредиттен кем эмес | | |

**2-тиркеме**

## Орто кесиптик <u>билим берүү</u> боюнча базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Саатардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "A" | "B" | "C" | Баары | Ауд. | СӨИ | 1-сем | 2-сем | 3-сем | 4-сем | 5-сем | 6-сем |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (24 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргыз тили / Орус тили | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | | Дисциплиналардын 4-каталогу (Чет тилдери) | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Дисциплиналардын 1-2-3-каталогдору | | 4 | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | 72-120с | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | 15%-25% | 6%-10% | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | 40%-50% | 30%-25% | 30%-25% | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар (15-20 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (2-6 кредит | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | | | | | | | **120 кредиттен кем эмес** | | | | | |

**3-тиркеме**

## Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу

| Каталогдун номери | Каталогдун багыты | Каталогдогу дисциплиналардын аталыштары | Кредиттин көлөмү |
|---|---|---|---|
| Дисциплиналардын 1-каталогу | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар багыты | Ата-мекен тарыхы, улуттук баалуулуктар жана маданият | 4 |
| | | Философия, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын философиясы | |
| | | Кыргызстандын географиясы | |
| | | Кесиптик чөйрөдөгү экологиялык билим жана маданият | |
| | | Манас таануу | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 2-каталогу | Soft skills көндүмдөрү | Долбоордук практикум | |
| | | Критикалык ой жүгүртүү, ой жүгүртүүнү дизайндоо | |
| | | Өзүн-өзү тарбиялоо жана психология | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 3-каталогу | STEM көндүмдөр көндүмдөр | Тармактык математика | |
| | | Кесиптик ишмердиктеги санарип технологиялары | |
| | | Заманбап табийгый билим берүүнүн концепциясы | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 4-каталогу | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр (чет тилдер) | Англис тили | 4 |
| | | Кытай тили | |
| | | Корей тили | |
| | | Неме тили | |
| | | ... | |

**050704 "Мектепке чейинки билим берүү" адистиги боюнча билим берүү стандарттын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун курамы:**

***1.Умурбекова Токтайым Акаевна-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин окутуучулардын билимин өркүндөтүү жана кайра даярдоо бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун төрайымы.

***2.Сейдахматова Элмира Орозбековна-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин педагогикалык жана психологиялык дисциплиналар циклдик комиссиясынын окутуучусу:

***3.Турдубекова Зыйнат-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин филологиялык дисциплиналар циклдик комиссиясынын окутуучусу:

4.***Самидинова Гулзат Калмаматовна-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин *.кесиптик дисциплиналар циклдык комиссиясынын окутуучусу*

***5.Алибекова Кыжибек Алибековна-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин педагогикалык жана психологиялык дисциплиналар циклдык коммиссиясынын окутуучусу

***6.Кожоева Каныкей Маматовна-*** Индустриалдык-педагогикалык колледждин педагогикалык жана психологиялык циклдык коммиссиясынын окутуучусу, 050704-мектепке чейинки билим берүү программасынын башчысы

**II. Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн;**

1. **Үтүрова Н.М.** - "Ак ниет-Ош" МЧББнын директору
2. **Кошуева А.А.** - ОК. "Юниум" директор
3. **Нагаева М.Ю.** - "Ак каркыра" МЧББнын тарбиячысы
4. **Халтораева** З. – ИПКнын МЧББ бүтүрүүчүсү
5. **Орозбаева А.Ж** – ИПКнын бүтүрүүчүсү

**III.Ата мекендик ЖОЖдордун кызматкерлерипен:**

**1.Мамалиева Сабыргүл Касымовна** – "Мурас" инновациялык колледжинин окутуучусу:

**2.Калыгулова Инаят Тургуналиевна-** ОШМПУ, Мектепке чейинки педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын окутуучусу:

**3.Сатанова Тамара Токтомаматовна**- КӨЭАУ Кесиптик колледжи, Педагогикалык сабактар бирикмеси:

29

**IV. Чет өлкөлүк ЖОЖдордун (колледждердин) кызматкерлеринен;**

**1.Асранбаева Муножатхон Халимжановна** – педагогика илимдеринин доктору, доцент, Наманган педагогикалык институтунун мектепке чейинки билим берүү кафедрасынын башчысы. ________________

**2. Кадырова Улфатхон Маматалиевна** – Андижан мамлекеттик педагогикалык институнун мектепке чейинки билим берүү факультетинин окутуучусу. ________________

**3. Жуматаева Зейнеп Наятуллаевна** – Казакстан Республикасы, Н. Назарбаев атындагы университети, педагогика илимдеринин кандидаты. ________________

**V. Илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдөн, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн.**

**1. Кулуева Гулбара Сабыралиевна** – Ош шаарынын мэриясынын алдындагы үй-бүлөгө жана балдарга ар тараптуу жардам борбрунун директору.

**ЭКСПЕРТНАЯ РЕЦЕНЗИЯ**

на государственный образовательный стандарт среднего профессионального образования по специальности 050704 – *«Дошкольное образование»* Ошского государственного университета

**Рецензент:** Асылбекова Марзия Пазиловна, к.п.н., профессор Л.Н. Гумилёва Евразийского национального университета, Республика Казахстан

Государственный образовательный стандарт по направлению 050704 «Дошкольное образование» отражает современные требования системы среднего профессионального образования и ориентирован на подготовку компетентных специалистов в области дошкольного воспитания и обучения. Документ включает в себя четко структурированные цели, задачи и ожидаемые результаты обучения. Он основан на компетентностном подходе и соответствует международным и национальным требованиям. В содержании стандарта учтены следующие ключевые аспекты:

-Реалистично сформулированные цели и задачи подготовки специалистов;

-Сбалансированное сочетание теоретической и практической подготовки;

-Учет современных педагогических подходов, включая инклюзивное образование и развитие цифровых компетенций;

-Поддержка профессионального роста педагога и его роли в обществе.

Данный стандарт способствует формированию устойчивой профессиональной базы для будущих специалистов, работающих в дошкольных организациях. Он охватывает основные направления развития образования и отвечает потребностям как государства, так и рынка труда.

**Заключение:** Рекомендую к утверждению и внедрению в образовательную практику государственный стандарт по специальности 050704 – *«Дошкольное образование»*.

**Эксперт-рецензент:**
Асылбекова Марзия Пазиловна, ____________
к.п.н., профессор Евразийского
национального университета
имени Л.Н. Гумилёва, Республика Казахстан
«10» ___06___ 2025 г.

## ЭКСПЕРТНАЯ РЕЦЕНЗИЯ

На государственный образовательный стандарт среднего профессионального образования по программе 050704 – *Дошкольное образование ОшГУ*

**Рецензент:** Ахунов Умидбек Рузибаевич, преподаватель кафедры дошкольного образования, Андижанского государственного педагогического института

Данный образовательный стандарт разработан с учетом актуальных социальных потребностей в сфере дошкольного образования и глобальных направлений развития системы образования. В документе четко отражен компетентностный подход, что позволяет готовить специалистов, ориентированных на обеспечение всестороннего развития ребенка.

В содержании стандарта представлены следующие ключевые аспекты:

-Программные цели сформулированы реалистично и достижимо;

-Хорошо сбалансировано соотношение теоретической и практической подготовки;

-Этические ценности и личностное развитие чётко обозначены как часть образовательного процесса;

-Особое внимание уделено роли педагога, его профессиональному росту и общественной значимости.

Стандарт направлен на повышение качества содержания образования и подготовку компетентных специалистов. Он отражает практическую направленность, соответствует реалиям современной жизни и ориентирован на интересы ребенка.

**Рекомендация:** Рекомендую использовать данный государственный образовательный стандарт по направлению 050704 – *Дошкольное образование* в процессе подготовки специалистов.

**Эксперт-рецензент:** ____________ Ахунов Умидбек Рузибаевич

«9» ______ 2025 г.

г. Андижан

XODIMLAR BO'LIMI

**РЕЦЕНЗИЯ**

**050704- Мектепке чейинки билим берүү кесиптик билим берүү багыты боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына карата рецензия.**

**Рецензент:** **Казиева Тургуной Турсунбаевна Өзбекстан Республикасы, Андижан мамлекеттик педагогикалык институту, мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы кафедрасынын башчысы.**

**050704 "Мектепке чейинки билим берүү" багыты боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты заманбап билим берүү системасынын талаптарына ылайык иштелип чыккан. Документте билим берүү программасынын максаты, милдеттери, мазмуну жана түзүмү так жана логикалуу берилген. Документ кесиптик стандарт түзүүдө негизги талаптарга жооп берет. Мектепке чейинки билим берүү багыты боюнча адистин ишмердүүлүгү, милдеттери, кесиптик чөйрөсү, компетенциялары жана квалификациялык талаптар тийиштүү деңгээлде көрсөтүлгөн. Жазуу стили илимий-практикалык талаптарга ылайык, түшүнүктүү жана логикалык тизмектөөгө ээ. Аталган стандартта: билим берүү программасынын негизги багыттары жана структурасы туура аныкталган; кесиптик компетенттүүлүктөр системалуу жана багыттуу тизмектелген; билим алуучунун күтүүчү жыйынтыктары (билими, жөндөмү, мамилеси) компетенттүүлүккө негизделип жазылган; окутуунун усулдары, формалары жана баалоо критерийлери заманбап билим берүү тенденцияларына жооп берет.**

**Ошондой эле стандартта инклюзивдик билим берүүнүн талаптары, санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу, социалдык жана жумушта өзүн алып жүрүү көндүмдөрү эске алынган. Бул учурда эмгек рыногунун талабына жооп берүү максатында билим берүү жана өндүрүштүк практиканын түзүлүшү так көрсөтүлгөн.**

Документ мазмундук жана методикалык жактан жогорку деңгээлде даярдалган. Мектепке чейинки билим берүү боюнча кесиптик адистерди даярдоодо практикалык жана теориялык даярдыкты тең салмактуу камсыздоого багытталган. Стандарт билим берүү процессине коюлуучу мамлекеттик жана эл аралык талаптарга жооп берет. Бул кесиптик стандарттын тексти мектепке чейинки билим берүү багытындагы адистерди даярдоодо колдонууга жарамдуу жана педагогикалык практикада маанилүү роль ойнойт. Аталган билим берүү стандартын колдонууга жана бекитүүгө сунуштайм.

**Эксперт:**

**Казиева Тургунай Турсуновна** ____________

“9” июнь 2025-ж.

**Андижан шаары**

**ЭКСПЕРТТИК РЕЦЕНЗИЯ**

ОшМУнун 050704-Мектепке чейинки билим берүү программасынын орто кесиптик билим берүүнүн стандартына карата жазылган рецензия.

Бул билим берүү стандарты мектепке чейинки билим берүү тармагындагы учурдагы социалдык муктаждыктарды жана глобалдык билим берүү багыттарын эске алуу менен түзүлгөн. Документте компетенттүүлүккө негизделген мамиле так чагылдырылган жана ал балдардын өнүгүүсүн камсыздоого багытталган адистерди даярдоого мүмкүндүк берет. Стандарттын мазмунунда төмөнкүлөр камтылган.

- Программалык максаттар реалдуу жана жетишүүгө боло тургандай көрсөтүлгөн;
- Теория менен практиканын айкалышы мыкты деңгээлде пландаштырылган;
- Билим берүү процессинде этикалык баалуулуктарды, инсандык өнүгүүнү эске алуу даана көрсөтүлгөн;
- Педагогдун ролу, кесиптик өсүшү жана коомдогу орду боюнча компоненттер кошулган.

Стандарт билим берүү мазмунунун сапатын жогорулатууга жана кесиптик компетенттүү адистерди даярдоого кызмат кылат. Практикага багытталган, реалдуу турмушка шайкеш келген, баланын кызыкчылыгын эске алган документ болуп түзүлгөндүгүн чагылдырат.

Орто кесиптик билим берүүнүн 050704-Мектепке чейинки билим берүү стандартын адистерди даярдоодо колдонууга сунуштайм.

Эксперт рецензент:______________________________

Ахунов Умидбек Рузибаевич, Андижан мамлекеттик педагогикалык институту, Мектепке чейинки билим берүү кафедрасынын окутуучусу.

XODIMLAR BO'LIMI

"9" июня 2025-ж

Андижан шаары